**“Бишкек инновациялык колледжи” мекемесинин Чет тилдер секторунун отурумунун №4 протоколу**

**Бишкек шаары** **27-декабрь 2023-жыл**

**Катышкандар:** Осмонова Ч. М., Мамбеталиева С. Ч., Чалова М.К., Эшматова Г. А., Амангельды кызы Ж., Деменисова Ф., Горбова Е. Н., Жусуп уулу У., Кадыралы у. Н., Бабатаев К.А., Сулайманов Н. С., Тагаев Н. А., Туратбекова А. Т., Ормонова Ж., Эргешова А. Р.

**Күн тартиби:**

1. Кышкы экзамен сессиясына даярдык. Биринчи окуу жылдыгын жыйынтыктоочу кышкы сынактардын жүрүшү;
2. Бекитилген график боюнча өтүлгөн ачык сабактарын талкулоо, сабактарга өз ара катышуудагы жазылган сабактардын анализин карап чыгуу;
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

Чет тили секторунун башчысы Мамбеталиева С. Ч.: Административдик-контролдук иштерин (модулдук иш) жыйынтыктарын, анда келип түшкөн маселелер боюнча тааныштырды, студенттердин шартына карай оң чечип берүүнү өтүндү. Ар бир предметтер боюнча өтүлгөн сабактардын сапатын көзөмөлдөө формаларынын бири ачык сабактар, мугалимдердин өз ара сабактарына катышуулары болуп саналат. Ачык сабактардын жыйынтыктары талкуулодо кээ бир сабактардын планын кайрадан карап чыгуу талап кылынып, ал талап орундалганын маалымдады. Окутуучулардын өз ара сабактарына катышуу журналындагы ачык сабактар боюнча жазылган сын-пикирлер жана методикалык сунуштар менен тааныштырды.

**Сүйлөштү:**

Англис тили окутуучусу Эшматова Г. А.: Урматтуу коллегалар, студенттердин курстук иштерин айтылган сын-пикирлерди оңдоо иштеринен кийин гана кабыл алып, баа коюлса деп сүйлөштүк.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Окуу программасы боюнча артта калган студенттерге экзаменге чейин жардам көрсөтүлсүн.
2. Студенттердин курстук иштерин айтылган сын-пикирлерди ондоо иштеринен кийин баа коюлсун.
3. Ачык сабактардын анализи жана жүрүшү боюнча айтылган мүчүлүштүктөр кайрадан каралып иштелтп чыксын.

Отурумдун төрайымы: Мамбеталиева С. Ч.

Катчы: Эргешева А. Р.